**Пресс-релиз**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн 5 пайыз деңгээлинде калтырды**

Улуттук банк Башкармасы 2017-жылдын 29-майында эсептик чен өлчөмүн (чен саясатын) 5,00 пайыз деңгээлинде калтыруу чечимин кабыл алды. Чечим 2017-жылдын 30-майынан тартып күчүнө кирет.

Инфляция Улуттук банк болжолдогон маанинин чегинде сакталып калуу менен акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө каралган максаттуу көрсөткүчүнөн – 5-7 пайыздан ашкан эмес. 2017-жылдын май айында (19на чейин) керектөө баа индекси жылдык туюндурууда 3,7 пайызга жогорулаган. Акча которуулардын артышынын алкагында ичтен керектөөнүн калыбына келиши, ошондой эле тышкы суроо-талаптын өсүшү азыркы учурдагы инфляциялык динамикага таасир кылууда. Азык-түлүккө жана кызмат көрсөтүүлөргө баанын алгылыктуу динамикасы инфляциянын калыптанышына негизги салым кошкон.

Кыргыз Республикасынын экономикасы алгылыктуу өсүш арымын тастыктоодо. 2017-жылдын январь-апрель айларынын жыйынтыгы боюнча айкын ички дүң өнүмдүн өсүшү 7,7 пайыз деңгээлинде калыптанган, “Кумтөр”[1] алтын кенин казып алуу ишканаларындагы өндүрүштү эске албаганда 4,0 пайыз чегинде катталган. Ички сыяктуу эле, тышкы суроо-талап көрсөткүчтөрүнүн жакшыруусу бул жагдайга өбөлгө түзүүдө. Сунуш боюнча да оң тенденциялар белгиленип, экономиканын негизги секторлорун улуттук валютада кредиттөөнүн артышы жана алар боюнча пайыздык чендердин төмөндөтүлүшү мында негизги фактордон болгон.

Ички валюта рыногунда туруктуулук сакталууда. Улуттук валютанын чыңдалышы тенденциясы уланып, жыл башынан бери (26-майга карата) сом 1,9 пайызга бекемделген. Май айында Улуттук банк ички валюта рыногуна катышкан эмес.

Акча-кредит шарттарын жеңилдетүү боюнча мурда кабыл алынган чаралардын таасири акча рыногунда улуттук валютадагы кыска мөөнөттүү пайыздык чендерди төмөндөтүүдөн көрүнүп, ошол аркылуу кредиттер боюнча пайыздык чендердин төмөндөшүнө түрткү берген. Буга ошондой эле, экономикалык өсүштүн алгылыктуу арымын колдоо максатында реалдуу секторду кредиттөө чөйрөсүн кеңейтүүгө багытталган акча-кредит саясаты да өбөлгө түзүүдө.

Улуттук банктын болжолдоолору боюнча, тышкы экономикалык чөйрөнүн учурда өнүгүү багытын жана келерки мезгилге ички шарттарды эске алганда, инфляция динамикасы алгылыктуу чекте болуу менен жыл акырында анын мааниси 5-7 пайыз чегинде белгиленген максаттуу көрсөткүчкө жакындашат. Ушундай жагдайда, ошондой эле тышкы жана ички инфляциялык тобокелдиктер орун албаган шартта, эсептик чендин ушул деңгээлде сакталышы экономиканын өсүш арымына мындан ары да өбөлгө түзөт.

Улуттук банк инфляцияга таасир эткен тышкы жана ички факторлорго баа берип туруу менен тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүүнү улантат жана тышкы таасирлер орун албаган шартта акча-кредит саясатынын ушул багытына таянуу менен иш алып барат.

*Маалымат үчүн:*

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмүн кароого алган кийинки отуруму 2017-жылдын 26-июнуна пландаштырылган.

---

[1] “Кумтөрдү” эске албаганда, айкын ички дүң өнүмдүн мааниси акча-кредит саясаты үчүн кыйла көрсөткүчтүү болуп саналат.